DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Бакирова Г.С.*

# БАЛДАРДЫ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ЖАНА ДЕНЕ БОЙ ЖАКТАН ТАРБИЯЛООДО БАЛДАР ЫРЛАРЫНЫН РОЛУ

*Бакирова Г.С.*

# РОЛЬ ДЕТСКИХ ПЕСЕН В ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОМ И ФИЗИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

*G. Bakirova*

# THE ROLE OF CHILDREN'S SONGS IN SPIRITUAL, ETHICAL AND PHYSICAL EDUCATION OF CHILDREN

*УДК: 82-93.09:03*

*Макалада бүгүнкү ааламдашуу процессиндеги балдардын руханий-адептик тарбиясындагы өзгөрүүлөр, руханий баалуулуктардын, адамдык асыл сапаттардын бааланбай жаткандыгы жана анын балдар трабиясына тийгизген таасири анализге алынды. Тарбиялоо процессинин жаңыча мазмунга өзгөрүү зарылдыгы келип чыккандыгы жана анда мугалимдердин, балдар акындарынын жаңыча көз караштa чыгармачылык менен алектенүү зарылдыгы келип чыккандыгы белгиленди. Руханий-нравалык тарбиянын алдыңкы планга чыгуусу жана анда көркөм адабияттын таасирин, ролун жогорулатуу зарылдыгы каралды. Бала тарбиясында тарбиялоочунун милдеттери артып, биринчи кезекте тарбиялап жаткан мугалим, тарбиялоочу да өзүн-өзү тарбиялоо тарбиялап, мезгил менен арымдаш келе жаткан муунга татыктуу болуу зарылдыгы сунушталды. Адептик-руханий тарбиялоодогу балдар ырларынын мааниси, ролу туралуу сөз болуп, анда балдар акыны Абзий Кыдыровдун ырларынан мисалдарды алуу менен жаш муундарды дене бой, адептик жактан тарбиялоо боюнча ыр саптарынан мисалдар алынып, анализденди. Акындын ырларындагы тарбиялык маани ачылып, талданып берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *этика, нравалык тарбия, руханий-адептик тарбия, адеп-ахлактык нормалар, нравалык категориялар, спорт, улуттук колорит, балдар ырлары.*

*В статье анализируются изменения в духовно-нравственном воспитании детей в условиях современного процесса глобализации, недооценка духовных ценностей, общечеловеческих ценностей и ее влияние на воспитание детей. Было отмечено, что есть необходимость в переводе образовательного процесса на новое содержание, а также в том, чтобы учителя и детские поэты проявляли творчество по-новому. Обсуждалась необходимость выхода на первый план духовно-нравственного воспитания и увеличения влияния и роли художественной литературы. Было предложено повысить роль воспитателя в воспитании детей, прежде всего педагог и воспитатель должны самообразовываться и быть достойными следующего поколения. Обсуждались значение и роль детских песен в нравственном и духовном воспитании. Выявлена и проанализирована просветительская ценность стихов поэта.*

***Ключевые слова:*** *этика, нравственное воспитание, духовно-нравственное воспитание, нравственные нормы, нравственные категории, спорт, национальный колорит, детские песни.*

*The article analyzes the changes in the spiritual and moral upbringing of children in the conditions of the modern process of globalization, underestimation of spiritual values, general values and its impact on the upbringing of children. It was noted that there is a need in the translation of the educational process into new content, as well as in the fact that teachers and children's poets showed creativity in the new. The need for a way out of the first plan of spiritual and moral education and the expansion of influence and the role of fiction was discussed. It was proposed to increase the role of the educator in the upbringing of children, first of all, the teacher and educator must be self-educated and be worthy of the next generation. The meaning and role of children's songs in moral and spiritual education were discussed. Revealed and analyzed the enlightening value of the poet's verses.*

***Key words:*** *ethics, moral education, spiritual and moral education, moral norms, moral categories, sports, national colors, children's songs.*

Бүгүнкү күндөгү өсүп келе жаткан балдарда негативдүү учурлар, этикалык, нравалык талаптарга жооп бербеген тескери көз караштар, кыймыл-аракеттер байкалып, барган сайын тарбия, анын ичинде руханий, адептик тарбиянын актуалдуу боло баштагандыгын байкоого болот. Бүгүнкүдөй тездик менен өтүп жаткан турмуш агымы бизден чынчылдык, кең пейилдик, гуманизм сыяктуу адамдык асыл сапаттарды алыстатып жаткан сыяктанат. Ата-эненин өз баласын өзү тарбиялабай, чоң ата, чоң ененин, таята, таененин колунда калып өсүүсү ушул муундун тагдырынын, тарбиясынын эртеңки күнү, келечеги кандай болот деген бүдөмүк ойлорго түртөт.

Айланабызды технологиянын алдыңкы каражаттары курчап, улуу муундун өкүлү жомок айтпай, накыл кебин оозунан түшүрүп турган чакта аталган маселенини көтөрүлүп турганы да актуалдуу десек жаңылыштык болбос…

Балдар китептери, жомок каармандары, мультфильмдер экинчи планга өтүп, адамдык асыл сапаттар, адеп-ахлактык нормалар менен турмуш көрүнүшү, турмуш чындыгынын ортосунда чоң жарака, ажырым пайда болду. Көптөгөн үй-бүлөлөрдө руханий баалуулуктарга караганда материалдык баалуу-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



луктар жогору коюлуп, көргөн, окуган, үйрөнгөн билим менен дал келбей жаткандыгы ачуу чындык. Ата-эне бала тарбиясындагы бирден-бир каражат балдар китептери, жомок каармандары, андагы бийик идеялар, улуунун накыл сөзү, кеби экендигин эстен чыгарышты [7].

Ошондуктан руханий-нравалык тарбия өсүп келе жаткан муундун, билим берүү системасынын алдындагы маанилүү маселе катары калууда…

Ушул эле маселеге карам-каршы да пикир жаралбай койбойт, алсак, окуу программаларынын өзгөрүшү, азыркы балдар үчүн нравалык категорияларды четке каккан чыгармалардын, китептердин жарыкка чыгышы да себеп болууда. Мына ушунун өзү мугалимдердин жаңыча ойлонуп, жаңыча көз караш менен теориялык, илимий-методикалык билимдерге таянуу менен, системалаштырылган, пландалган методдордун комплексин, каражаттарды иштеп чыгуусун шарттоодо, ал үчүн мамлекет да өзгөчө көңүл буруп, өзгөчө мамиле жасоосу заман талабы.

Жакшы-жаман, жакшылык-жамандык сыяктуу нравалык категорияларды өсүп келе жаткан мундарда калыптандырууда көркөм адабияттын ролун, таасирин арттыруу зарылдыгы келип чыгууда. Себеби, китептер, адабий чыгармалар адам баласын тарбиялоодо кылымдык каражат болуп саналат, нравалык сапаттарды калыптандыруунун негизги каражаты. Көркөм чыгармалардын, жомоктордун, аңгемелердин мааниси каармандардын ички дүйнөсүн ачат, баланын каармандар менен кошо кайгырып, сүйүнүп, аларды коштоосуна түрткү берет, алардын жүрүм-турумдары баланын адеп-ахлак жактан өсүүсүнө түрткү берет. Улуулар, өздөрүнөн чоңдор менен баарлашуу аркылуу кругозору кеңеет, нрвалык баалуулуктардын калыптануусуна шарт түзөт. Мындай көрүнүш балада принципиалдуулук, чынчылдык, чыныгы атуулдук сапаттарды калыптандырууга негиз болуп берет [8].

Тарбия маселесинде тарбиялап жаткан адам өзү да тарбиялуу болууга тийиш экендиги эстен чыкпашы керек. Тарбиялоочунун ар кандай аракети, сүйлөгөн сөзү да таасир этери чындык.

Балдар акыны Абзий Кыдыровдун руханий-адептик, дене бой жактан тарбиялоодо салым кошо турган ырлары мол. Акын чыгармаларынын дээрлик баарында баланын тарбиясына багытталган, мезгил талап кылган сюжеттер, окуялар, каармандар жыш экендиги баарыбызга маалым.

Акындын ырлары, алардагы баланын ички дүйнөсүн, кабыл алуусун, курчап турган дүйнөнү өзүндөй кабыл алуусу боюнча өзүнчө стили бар акын катары ар түрдүү тематикадагы чыгармаларды жараткандыгы тууралуу анын замандаштары, адабиятчылар айтып келишет.

Акындын балдарга арнаган ыр дүйнөсү тууралуу адабиятчы К.Исаковдун А.Муратов менен биргеликте жазган монографиясында да орун берилген.

Анда акындын «Достук» поэмасы спорт темасына арналган. Албетте, адабияттагы физкультура жана спорт проблемасына кайрылуу, кичинекей наристелерге ал жөнүндө түшүнүк берүү өтө зарыл нерсе. Автор шарттуу түрдө алынган Асан менен Эсендин образдары аркылуу кыргыз спортунун толбой жаткан бөксө жерин толтуруунун, биздин улуттук кыртыштан чыккан асандар менен эсендердин эл үчүн, мамлекет үчүн зарылдыгын айтып кетет.

Тыржыйып Асан обу жок,
Эң арык эле ал кезде.
Кодулай берчү жөнү жок,
Балдарды өзүм бар кезде.
Тарамыш атап койчубуз,
Чынында жаткан тарамыш.
Жыгалбай алек болчубуз,
Чалууга жетпей чамабыз… - деп [5] поэмада Асандын образына токтолуу менен Асанга окшогон кыргыз балдарынын арык, бирок чапчаң, тарамыштай тартылган, оңой менен жеңилип бербеген мүнөзүн баяндайт. Ошондой эле Асан менен Эсенди спортко шыктантып, аларга үлгү болгон адам Асандын Бекиш абасы экендигин айтып, спорт жаатында окуп, билим алган адам болсо керек деп боолгойт.

Таң менен туруп жүгүрүп,
Жогору того баруучу.
Көнүгүү жасап бүгүлүп,
Өзөнгө чүмүп алуучу, - деп нукура кыргыз спортчусунун машыгуусун көз алдыңа тартып, таң эрте тоого чуркоо, муздак сууга түшүү сыяктуу эрте менен көнүгүүлөрдү айтып, бир четинен кыргыз спортунун улуттук мүнөзүн баяндайт. Машыгуунун артынан пайда болгон күч, машыгуунун өзүн көргөн кыргыз баласынын оюн дал өзүндөй бере алган. Дене тарбиясынын, спорттун бала үчүн, дегеле адам баласы үчүн мааниси кандай экендигин балдар ыры аркылуу айтып берип:

Айтуучу бизге ар дайым,
Канткенде күчтүү болушту.
Спорттун түрүн, жөн-жайын,
Азыртан көңүл коюшту.
Үйрөттү улам маш кылып,
Күрөштүн не бир ыктарын.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ийинден алыс ыргытып,

Жыгууну чалбай буттарын, - деп спорттун болгондо да күрөш түрү тууралуу айтып жаткандыгы ырдын улуттук колоритин аныктап тургансыйт. Ырдын андан аркы бөлүктөрүндө спорттон тапкан жеңиштер, чемпиондук тууралуу айтып, Асандын андан ары дене тарбиясы боюнча окууга тапшырып, улантып кеткендиги, ал эми Эсендин айылга барып, дене тарбиясы менен машыгууну токтотуп койгондугун өкүнүү менен айткандыгы ыр саптары аркылуу берилген.

Ага улай эле дене тарбиясынын ден соолукту чыңдоого, жашоонун сергектик мүнөзүнө ээ болууга, акыл-эстин, дененин иштөө мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу менен эрктик жана дене тарбиялык сапаттарга, тактап айтканда күч, шамдагайлык, чыдамкайлык, сергектик жана башка сапаттарды калыптандырууга акындын «Спорт менен өскөнбүз» - деген ырын мисалга алууга болот:

… Муз мурут кыш каарданып,
Мени карап таңданып,
«Муздатамын этиңди,
Каарып ием бетиңди,
Сыйың менен ичик кий», - деп кыйкырат.
Кыйкыра бер, ышкыра бер, кары кыш,
Спорт менен чың өскөнбүз баарыбыз.
Октой зуулдап, учса да аяз оозуңан,

Үшүтүүгө жетпейт кубат алыңыз, [3] - деп акын аяз, кышкы көрүнүштү баланын көзү, анын кабыл алуусу менен карап, анын түшүнүгү менен ырга салат. Кыш мезгили дегенде, сөзсүз түрдө баланын оюнда кар, кар киши, чана, муз тебүү, жылгаяк сыяктуу түшүнүктөр менен коштолору белгилүү. Акын да

Аязыңды билбейбиз,
Муз бетинде бийлейбиз.
Токсон чилдең чалкалап,

Бир келсе да жалтанат…, - деп кышкы суукка карата шарттуу түрдө жооп кайтарууда. Чындап эле ырды окуп олтуруп, кыш жана мотурайган бөбөктөрдүн кышкы суукту сезбей, «көк муштум» болуп жүргөнү кыштын мизин кайтара койчудай сезим калтырат. Спорт, дене тарбиясынын зарылдыгы, анын адам организмине тийгизген таасири ырларда мына ушундайча берилет.

Акындын «Уят го» ырында кичинекей балдардын чыныгы табиятын чагылдырып, аларды ырдын каарманы Эргешке окшоп кирдеп жүрбөгөнгө, санитардык тазалыкты сактоого чакырат. Ал эми «Чоң эне» ырында:

Дилин ук балаңын,
Өтө зор талабым.
Жакшылап дарылап.
Жашартып аламын.
Көп өмүр сүрөсүз,
Кеп бекен 100 деген?
Ээрчишип көчөдө,

Басасыз биз менен, - деп баланын чоң энесине болгон балалык тилеги, камкордугу таасын берилип, анын кыялы, турмуш туурасындагы ой жоруусу таттуу тил менен сыпатталган. Ошондой эле кыргыз турмушуна мүнөздүү болгон чоң эне менен неберенин сүйлөшүүсүнөн алардын тилегин, улуттук колоритти мүнөздөгөн ыр саптарын көрүүгө болот. Бала тарбиясында улуу менен баарлашуу, анын кебине кулак салуунун мааниси зор экендиги ушул ырлардан байкалып турат.

Ата-энесинин, бир туугандарынын тилин албаган тилазарлардын жоруктарын ырга салып, «Даярбек» аттуу ырын жазат. Акын аталган ырды жазуу менен балдар арасында кезиккен жалкоолорду, «ич» дегенде даяр болгон, «иш» дегенде таптырбаган жалакай балдарды өз атынан айтпастан «Даярбек» деп атап, окуучуларды ырдын каарманына окшобостон эмгекчил, адептүү болууга үндөп, тил албас бөбөктөрдүн образын таамай бере алган.

«Ырга баткан дүйнө» аттуу макаласында С.К. Рысбаев балдар акыны А.Кыдыровдун чыгармачылыгы тууралуу мындайча кеп козгойт: Акын А.Кыдыровдун бир катар ырларын окуп олтуруп, ушундай ойго келесиз. Мисалы, «Кубанга эмне жагат?» - деген ырынан үзүндү окуйлу. Анда биринчи класска жаңы кирип, биринчи ирет сабакка барып келген кичинекей Кубандан ата энеси минтип сурашат:

Жакшы бекен окуган,
Айтчы угалы кана биз,
Анда: – Сабагынан баарынан

Жакты мага танапис, - дейт кичинекей Кубан. Ооба, балага оюндан артык эмне бар? Бирок мектеп деген оюн эмес го, мектепке оюн үчүн барбайт эмеспи бала. Жеткинчекке окуудан артык чоң эмгек жок да. Андыктан, турмушту аз аздан түшүнүп тааный баштаган наристе өзүнүн ката жообун байкай коюп, ата энесинин алдында уятка калып, жанагы жообун кайра оңдоп түзөп минтип айтып олтурбайбы:

Кыткылыктап биз күлсөк,
Ызаланып аз ойлоп:
– Бардыгынан жакканы
Сабак, - деди кайра оңдоп.

Деги эле, балага бир тараптуу, кызыктуу нерсе гана эмес, мазмуну ар түрдүү адабият керек. мектепте окуганы деле, үйдө окуганы деле окшош

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



боло берсе, ага китептин кызыгы жоголот. Тескерисинче, экөө бирин бири толуктап турган жандуу процесс болуусу кажет. Анткени, сабакка кызыгуу менен көркөм адабиятка кызыгуу экөө эки башка түшүнүк эмеспи. Ошондуктан баланын класстан тышкаркы окуусун туура уюштуруу, ага ошого ылайык адабияттарды сунуш кылуу пайдалуу. Мындай зарылдыкты түшүнгөн жазуучуну жазуучу деп гана эмес, педагог, тарбиячы деп атасак, атына заты жарашып калар эле. Мына ушундай педагог акын, тарбиячы акын деген сыймыктуу атты дал ушул Абзий Кыдыровго да ыйгаруу татыктуу деп эсептээр элем, - дейт [6].

Акындын бир мыкты касиети – балдарга куру акыл айтпай (аны баланын табияты сүйбөстүгүн түшүнүп) алардын жоруктарындагы терс көрүнүштөрдү жумшак ирония, акылдуу мыскыл менен шылдыңдай билгендиги же мыкты педагогдугу. Мындай касиет «Эне тилден» аттуу Бакаштын онунчу жоругунан ачык көрүнүп турат:

Мугалим суроо бергенде,
Бакаш да колун көтөрдү
– Канакей, айтчы, - дегенде
Укмаксан болуп жөтөлдү
Мугалим айтты урушпай
Келген экен алдагың.
Уят го эне тилиңден,
Окубай эки алганың

Бакаш – тентек, алаңгазар, шашма, бирде уялчаак, бирде тил алчаак, бирде жалкоо, бирде эмгекчил, эң негизгиси – ак пейил. Бала деген баладай. Мына ушул ак пейили менен Бакаш Абзий «атасына» ак жолтой бала болуп, өзүнөн кийин Карабай, Адыбай, Кадыбай, Шоңур, Моңур деген «инилерин» ээрчите келди. Балдар адабиятында мурда колдонулбаган усул менен өзүнүн туруктуу каармандарын таап алыш, алардын жоруктарын ар тараптан изилдөө А. Кыдыровго гана таандык. Акындын Бакаштан кийинки баласы – Карабай. Бул жөнүндө Абзийдин бир окурманы мындай дейт: «Өзүмдүн мектепте окуп жүргөн жылдарымда «Кыргызстан пионерине» жазылган ошол кубанычтуу күздү, анан жаңы жылдан тартып ала баштаган сүйүктүү гезитимди, арадан канча убакыт өттү, эч унута албадым. Ал кезде гезит жумасына бир гана жолу келсе да өтө кооз чыгар эле. Ооба, «Баатыр бала Карабай» да ошол жылы жарыяланган болчу ...

Азыр ойлосом ошол «Баатыр бала Карабай» деген сөз менен бирге жүрөгүмө «Абзий Кыдыров» деген ысым да бекем орноп калган экен! Кийин бул ысымды кай жерден гана кезиктирбейин кыя өтпөй сатып алып окур элем [4].

А. Кыдыровдун индивидуалдуу көркөм ыкмаларынын бири – өзүнүн туруктуу каармандарынан кол үзбөй, алар менен балдарды гана достоштурбай, өзү да «достошуп» алгандыгы. Ошондуктан ал каармандары менен бир чыгармада коштошпой, мезгил-мезгили менен аларга «кезигип» турат. Айталы, 1962-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан «Кадыбай менен Адыбайынан» бүгүнкү күнгө чейин кол үзбөй катташып келет.

Кадыбай менен Адыбай
Коңшу жашап турушат
Бир конфетти бөлө жейт,
Бирок бат-бат урушат [3] - деп, балалыктын табигый көрүнүшүн чагылдыруу менен гана чектелбей, алардын улам бир кыялын, жоругун, мүнөзүн, адебин кароолго алып, аларга улам бир жаңы ыр арнап, алардын адам катары калыптануу процессин ар тараптан изилдеп, аларга «руханий ата» катары өз акылын, кеп-кеңешин берип келген акын катары окурмандардын жүрөгүндө жашап келет.

Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясынын түзүүчүсү Советбек Байгазиев: «.... Ар бир жаш адамдын руху, адеби улуттук жана жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн кыртышынан терең тамырлап өсүп чыкса, анда калкыбыз ар кандай чоочун маданий экспансиянын, сырткы терс таасирлердин бийлигине алдырбай, глобалдашуунун ассимиляциялап жиберүүчү өкүм күчүнө туруштук берип, улут катары өз бетинчелигин сактап, жалпы адамзаттын көчүнө татыктуу кошула алмак, - дейт.

Ал эми биз макалабызда балдар акыны Абзий Кыдыровдун балдар ырларындагы адептик-руханий тарбиянын булактарына токтолдук жана балдардын адептик-руханий жактан калыптануусундагы акындын кошкон салымын белгиледик.

**Адабияттар:**


1. Апышов Б. Тарбия жараяны. - Б., 2008.
2. Кыдыров А. Белек. - Ф., 1958.
3. Кыдыров А. Мээрим. - Б., 1981.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. - Б., 2012.
5. Муратов А., Исаков К. Кыргыз балдар адабияты. - Б., 2012
6. Рысбаев С. Кыргыз балдар адабияты: портреттер жана проблемалар. Б.:
7. https://elibrary.ru
8. https://cyberleninka.ru
9. Шарабидин кызы А., Алмазбек уулу А. Духовно-нравственное развитие кыргызского народа. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 154-156.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



10. Нишанбаева М.А. Нравственность как основная ступень в образовании и духовное богатство. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 90-92.
11. Турсунбекова С.М. Здоровый образ жизни и физическое состояние детей 8-9 лет (эксперимент-констатация). Известия ВУЗов Кыргызстана. 2013. №. 5. С. 235-238